# И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

# ВЕСТНИК КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА ИМ. И.АРАБАЕВА

ISSN 1694-5011

Подпись заверяю
Ученый секретарь
КГУ им. И. АРАБАЕВА

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН**

# ЖАРЧЫСЫ

**ЧЫГАРЫЛЫШЫ: 3**

Жарыяланган макалалардын бардыгы эле редакциянын көз карашын билдирбейт. Чыккан материалдар Улуттук Аттестация комиссиясы тарабынан илимий макала катары кабыл алынат.

Журнал Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинен каттоодон өткөн.

Журнал Кыргыз Республикасында жана КМШ өлкөлөрүндө таркатылат.

ISBN 1654-5611

Дареги: Бишкек шаары,
Раззаков көчөсү, 51

Тел.:66-39-90

И. Арабаев атындагы КМУнун «Мурас басмасы» мамлекеттик ишканасында басылды.

Басууга 02.09.10 кол коюлду.
Тиражы 200 экз.
Форматы 21x29,7/16.
Көлөмү 15,6 б.т.
Офсет кагазы.

**Башкы редакциялык коллегия**

**Абдырахманов Т.А.-**т.и.к., доц.,
башкы редактор

**Редакциялык коллегиянын мүчөлөрү**

Мусаев С. Ж.-ф.и.д., КР УИА мүчө-корр.
Чодураев Т.М.-г.и.д, проф.
Конурбаев Т.А.-псих.и.к., доц
Акиева Г.С.-пед.и.д. проф.
Турдукулов Ф.З.-э.и.к., проф. м.а.
Ногаев М.А. ф.-м.и.к., проф.м.а.
Токсомбаева Э.Т. п.и.к., доц.
Тилекеев К.М.- п.и.к., доц.

**Гуманитардык илимдер серия боюнча редакциялык коллегия:**

Маанаев Э.Ж. -т.и.д., проф.
Карыбаев С.- э.и.д., проф. у.а.
Ногаев М.А. ф. - м.и. к., проф.у.а.
Апышева С.Ш., к.ф.н., доц.
Кадырова Ш.К. ф.и.к., проф.
Осмонова С.А.- ф.и.к., проф.м.а.
Дуйшембиева А.О.-ф.и.к.,доц.
Абдраева А.Т.-ф.и.к., доц.

Подпись ____ заверяю
Ученый секретарь ____
КГУ им. И. АРАБАЕВА

## МАЗМУНУ
## СОДЕРЖАНИЕ

**Абдырахманов Т. А.** Особенности общественно-политической системы Кыргызстана…….. 9
**Абдырахманов Т. А.** Роль высшей школы республики в решении социальных задач Кыргызстана…………………………………………………………………………………….. 14
**Абдыраева Ч.Т.** Сопоставительный анализ фразеологических единиц, выражающих характер человека в трех языках……………………………………………………………… 17
**Аникина Г.Е.** Проектная деятельность как основа реализации исследовательской культуры в личностно-ориентированном развитии школьников………………………………………… 19
**Аникина Г.Е.** Развитие творческих способностей учащихся на уроках технологии………….. 21
**Арстанбекова Н.Б., Сагындыков Ж.** "Химиялык реакциялардын ылдамдыгын" окутууда компьютердик технологияларды колдонуу………………………………………………….. 24
**Арсыбаева Ч.У.** Эл аралык кызматташтык алкагындагы иш аракеттердин натыйжалуулугу... 30
**Асекова С.** Салык саясатынын жергиликтүү өз алдынча башкарууга тийгизген таасири……………………………………………………………………………………… 32
**Асылбаева П.Р.** Вопросы развития психологической науки в Кыргызстане………………….. 35
**Ашикбаева Г.Д.** Мектептегі технологиялық білім беру: мәні, негізгі ерекшеліктері мен даму жолдары............................................................................................................................ 37
**Байгажанова Г.К.** Формирование и становление профессиональной мотивации студентов психологов……………………………………………………………………………………… 39
**Байзахова С. К.Ә.Дүйсенбаев** Оқушылардың шығармашылық қабілетін дамытуға болашақ мұғалімдерді интеграциялық бағыт негізінде даярлау.......................................................... 43
**Бекмуратова Р.К. Байсалов Д.У.** Элективные курсы – важнейшая часть обеспечения введения профильного обучения………………………………………………………………… 46
**Даутов К.** Барпынын ырларындагы адам табияты…………………………………………… 49
**Даутов К.** Кан күйгөн согуш темасы Барпынын ырларында……………………………… 50
**Дуйсенбаев К.А. Алтеева А.** Направления совершенствования содержания опережающего образования учителя технологии…………………………………………………………….. 53
**Жайлообаева А.Т.** Современность и этический аспект антропологии Ибн Сины……………. 55
**Жороева С.** Сөздүн тарбиялык мааниси…………………………………………………………. 60
**Жороева С.** Кыргыз тили - улуу педагогика.............................................................................. 64
**Ивлева Е.А.** Основные этапы метаморфизма Касанского комплекса Касан метаморфикалык комплексинин негизги этаптары…………………………………………………………………… 67
**Иманкулова С.Э.** Дидактикалык оюндар – окутуунун негизги каражаты катары…………….. 74
**Иманкулова С.Э.** Роль дидактической игры в формировании познавательной деятельности учащихся в начальных классах………………………………………………………………….. 76
**Исраилова Р.** Социальные проблемы развития науки………………………………………… 79
**Исраилова Р.** Взаимоотношение философии и науки в процессе познания…………………… 82
**Кайыпова Ж.Б.** Кыргызское декоративно-прикладное искусство…………………………….. 84
**Карыбекова М.** Көркөм сүрөт өнөр терминологиясындагы сөз жасоо ыкмалары.................... 87
**Керималы кызы Майрам, Маматова А.Ш., Суманов Е.Е.** Новый гуморальный механизм влияния миомы матки на морфофункциональное состояние почки…………………………….. 89
**Кожоев Ч.** Ал өзүнө койгон эстелик ……………………………………………………………. 92
**Конгайтиева Зууракан** Жеңижоктун чыгармаларындагы Ата Мекен идеясы....................... 95
**Кочкорова Б.Н.** Понятие вежливости в лингвистической литературе………………………… 98
**Кочкорова Б.** Цели и содержание обучения иностранным языкам в средней общеобразовательной школе…………………………………………………………………….. 99
**Кошматова Ж.Ж.** Эмоционалдуулук жана синонимия (Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романынын мисалдарынын негизинде)........................................................................................ 101
**Мадиярова Н.** Асан Жакшылыковдун кыргыз поэзиясындагы акындык чеберчилиги........... 103
**Макеева А.Дж** Современное общество как общество риска……………………………………. 107
**Т. А. Максяткина** Психологическое сопровождение развития самосознания детей дошкольного возраста…………………………………………………………………………… 110
**Т. А. Максяткина** Самосознание в дошкольном возрасте: проблемы и возможности решения 111
**Маматова Г.** Аалымдыкка арналган өмүр………………………………………………………… 114
**Маматов У.К.** Пути становления и развития хорового искусство в Кыргызстане (20-х – 50-х годах)……………………………………………………………………………………………… 118
**Мамбетова М.** Корголдун дидактикалык багыттагы ырлары…………………………………… 121

**Мамбетова М.** Корголдун ашыктык ырлары………………………………………………….. 124
**Мансурова А.** Проблемы диалога и взаимопонимания в современном мире ………………………… 126
**Марченко Н Н.** Использование ИКТ для организации образовательного процесса в школе… 129
**Марченко Н.Н.** Использование икт в учебном процессе………………………………………. 131
**Москалев О.** Перспективы развития межэтнической коммуникаций Тюпском районе, через религиозные взаимоотношения (По материалам этносоциальной экспедиции (2009г.))……… 134
**Москалев О.М.** Выявление и изучение памятников археологии в Кыргызстане (1923-1990гг)…………………………………………………………………………………………………… 136
**Муратова А. М.** Бабалардын музыкалык мурасы аркылуу билим жана тарбия берүү…. 139
**Муратова А. М.** Музыкально – дидактические игры как средство развития сенсорных способностей детей дошкольного возраста……………………………………………………….. 143
**Мурзалиева З. К.** Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда баалоо процессии…………… 146
**Мусаева Б.И.** Кыргыз тилиндеги өтмө этиштердин лексика-семантикалык топтору (өтмө этиштердин табияты)................................................................................................ 148
**Мусаева Б.И.** Кыймыл этиштер.............................................................................. 150
**Нарматова Б.Б.** Анализ употребление будущего времени страдательного залога в английском языке……………………………………………………………………………………… 152
**Нарматова Б.Б.** Сопоставительный анализ трансформаций английского страдательного залога на кыргызский язык…………………………………………………………………………… 155
**Орозалиева Н.** Стиль деятельности руководителя и их влияние на психологической климат в коллективе…………………………………………………………………………………….. 159
**Орозалиева Н.** Морально-психологические качества руководителя на современном этапе…. 160
**Ортаев Б.Т. Сыздыкова Б.О.** Взаимосвязь основопологающих понятий в профессиональной педагогике.............................................................................................. 161
**Ортаев Б. Т.** Оқушылардың технологиялық мәдениетін қалыптастырудағы оқу-материалдық базаның рөлі.............................................................................................................. 164
**Ортаев Б. Т.** Болашақ технология пәні мұғалімдерінің еңбекке дайындық бағытына сәйкес технологиялық мәдениеті........................................................................................... 167
**Рысбаев С. К. , Мурзалиева З.К.** Ат атоочту окутууда адептик маданиятты калыптандыруу 172
**Саудабаева Г. С.** Возрастные характеристики профессионального самоопределения личности.................................................................................................................. 175
**Саудабаева Г. С. Мадхалыкова А.** О внедрении инновационных технологий в учебный процесс общеобразовательной средней школы……………………………………………….. 177
**Сарыбеков М.Н., Тойганбекова Ш.М.** Экологическое образование в Республике Казахстан на примере иностранного языка в вузе……………………………………………….. 178
**Сатиева С.** Советско-германский пакт о ненападении и договор о разделе сфер влияния. Современная оценка этих документов………………………………………………………….. 181
**Сатыбалдиева А. Б.** Основные принципы новых информационных технологий обучения…. 182
**Сейдакматов М.Ж..** Образовательные учреждения Кыргызской Республики в контексте формирования правового сознания………………………………………………………… 184
**Сейдакматов М. Д.** Правовое образование как основа профилактики правонарушения и преступления учащихся общеобразовательных школ……………………………………….. 186
**Сейдракманова С.Н.** Межпредметные связи на уроках информатики……………………….. 188
**Скоринцева И.Б., Басова Т.А.** Опасность воздействия сельского хозяйства на окружающую среду Республики Казахстан………………………………………………………… 190
**Собуров К.А., Байтемиров Б.Ж., Серикова А.С., Турганбаева А.С., Тюмонбаева Н.Б., Абрамова И.А.** Участие тиминала в формировании иммуной реактивности у кур-несушек... 197
**Солпуева Д. Т.** Особенности размещения предприятий сервиса.............................................. 199
**Солпуева Д.Т.** Тейлөө чөйрөсүн географиялык өңүттө (аспектте) изилдөө жана аны аймактык жактан уюштуруунун актуалдуу маселелери.......................................................... 201
**Сыздыкова Б.О.** Техникалық ұғымдардың мәні мен мазмұнын түсіну білімді меңгерудің негізі.......................................................................................................................... 204
**Сулайманова А.Н.** «Проблемы и пути активизации инвестиционного процесса в Кыргызской республике»……………………………………………………………………………. 207
**Сыдыкова Т.К.** Акындын ырларына текстологиялык илик……………………………………….. 210
**Сыдыкова Т.К.** Акындын ырларынын лингвистикалык табияты………………………………… 211
**Уалиев Куатжан** Первостепенная задача правовой политики………………………………… 213
**Чодураев Т.М., Оморов К.О., Наркеева Н.Ж.** Экологически ориентированное развитие экономики Кыргызстана…………………………………………………………………………… 214

Подпись ... заверяю
Ученый секретарь
КГУ

Подводя итоги проведения археологического исследования памятников на территории Кыргызстана, следует констатировать, что население древнего и средневекового Кыргызстана создали самобытную культуру, которая говорит о широких связях с другими народами и странами и входит в состав мировой культуры.

Список сокращений

АН СССР – Академия наук Союза Советских Социалистических Республик
ИЯАИ – Институт языка и истории Киргизского филиала Академии наук СССР.
КИАЭ – Киргизская историко-археологическая экспедиция
МИА – Материалы и и следования по археологии СССР

**Литература**

1. Абетеков А.К. Исследование Тянь-Шаньского археологического отряда КИАЭ в 1987-1988гг. //Материалы и исследования ар хеологии Кыргызстана. Бишкек 2009г.
2. Арбузова Р.И. Социалистическое государство-организатор охраны памятников истории и культуры//Памятники Киргизстана. Вып. I. Фрунзе 1970г.
3. Баруздин Ю.Д., Брыкина Г.А. Археологические памятники Баткена и Лейляка. Фрунзе 1960
4. Бернштам А. Историко-археологическое прошлое Северной Киргизии по материалам Большого Чуйского канала. Фрунзе 1943г.
5. Бернштам А.Н. Историко-археологический очерк Центрального Тянь-Шаня и Памиро Алая. МИА 26. М-Л., 1952
6. Бернштам А.Н. Наскальные изображения Саймалы – Таш//Советская этнография 1952 № 2
7. Бернштам А.Н. Древний Тянь-Шань//Краткие сообщения Института истории материальной культуры XXXVIII. 1951г.
8. Брыкина Г.А. Карабулак. М. 1970
9. Бубнова М.А. //Археологические памятники Таласской долины. Фрунзе 1964г.
10. Винник Д.Ф. К исторической топографии средневековых поселений Иссык-Кульской котловины. //Древняя и раннесредневековая культура Киргизстана. Фрунзе 1967г.
11. Заднепровский Ю.А. Археологические памятники южных районов Ошской области. Фрунзе 1960
12. Заурова Е.З. Раскопки на городище Акчий//Кетмень-Тюбе. Фрунзе 1977г.
13. Зяблин А.П. Второй буддийский храм Ак-Бешимского городища. Фрунзе 1961г.
14. Кибиров А.К. Археологические памятники Чаткала//Труды ИЯЛИ Киргизской АН СССР. Вып. 5. Фрунзе 1956г.
15. Кибиров А.К. Археологические работы в Центральном Тянь-Шане 1953-1955гг.//Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции. Т.II, М., 1959г.
16. Кибиров А.К. О некоторых итогах обследования Сусамыра //Труды Института истории АН Киргизской ССР.I. 1955г.
17. Кожемяко П.Н. Погребения эпохи бронзы в Киргизии//Известия АН Киргизской ССР. Серия общественных наук. I-II 1960г
18. Кожемяко П.Н. //Археологические памятники Таласской долины. Фрунзе 1964г.

**Муратова Айнура Муратовна.**
**И.Арабаев атындагы КМУ Педагогика институту.**
**Мектепке чейинки жана башталгыч билим беруу кафедрасы.**

## БАБАЛАРДЫН МУЗЫКАЛЫК МУРАСЫ АРКЫЛУУ БИЛИМ ЖАНА ТАРБИЯ БЕРҮҮ

Кыргыз эли кылымдары карытып, өзүнүн эң мыкты искусствосу менен фольклорун жаратып келди. Бул эл кыргыз эли эки миң жылдан көбүрөөк созулган тарыхында өз эркиндигин жана көз каранды эместигин бир нече жолу жоготуп, анан аны кайра калыбына келтиргендигине карабастан бүтүндөй бир муундардын теңдешсиз чыгармачылыгынын кымбат баалуу асылдыктарын биздин күндөргө чейин жеткире алды. Бул чыгармачылык көп кырдуу формада элдин тарыхый-тагдырын, анын өзүнө гана мүнөздүү болгон байыркы маданиятын, жаратылышты поэтикалык түрдө кабыл алуусун, эркиндикке, эли-жерине болгон сүйүүсүн, майышпас кайратын чагылдырган.

Көз кыры жеткис дүйнө элдеринин ичинде кыргыздарга окшоп элдин бүткүл турмушун, анын кайгы- муңдарын, кубанычтары менен идеалдарын күзгүдө чагылдыргандай кең-кесири чагылдырып турган жаңырыгы дүйнө элин өзүнө караткан күч кубаттуу эпостук чыгармаларды жараткан эл аз эле табылат.

Дүйнө элдери бири-биринен улутка гана таандык өзгөчөлүгү менен айырмаланат. Алар мына ушул улуттук өзгөчөлүккө өзүлөрүнүн адабиятынын, маданиятынын, искусствосунун өсүп-өнүгүүсүнүн натыйжасында гана ээ болот. Кыргыздардын «Манас» эпосу элдин кубаттуу рухунан жаралган дал ошондой чыгарма. Бул чыгармадан эч качан соолбос булак катарында кыргыз элинин бүткүл руханий маданияты азыктанып келген. Мына ушул улуу уруктан азыктанып. элибиздин адабиятынын, маданиятынын, искусствосунун өсүп-өнүгүүсү үчүн келечек ээлерин тарбиялоодо, билим берүүдө, элдик педагогика, элдик музыка, элдик адеп-ахлак, элик салт-санаага окутуп үйрөтүү зарыл. Мезгил талабына ылайык кыргыз элинин



Подпись заверяю
Управделами
КГУ им. И. Арабаева

кылымдарды карыткан тарыхын кайрадан жандандырып алар аркылуу алга умтулуулар болуусу керек.

Өлкөбүз эгемендүү мамлекет болуп, өсүп-өнүгүп келе жаткан учурда мектеп окуучуларына билим берүү жана музыкалык, эстетикалык жактан тарбиялоо маселелерин туура чечүү эң маанилүү иш болуп саналат.

Балдарга музыкалык тарбия берүү тарыхта байыртадан эле салт болуп келген. Музыкалык тарбия берүү элдик педагогиканын эң башкы бөлүктөрүнүн бири болуп эсептелет.

Музыкалык тарбия берүү азыркы күндө жалпы билим берүү мектептеринде маанилүү орунду ээлейт. Инсандын калыптанышында музыкалык тарбия берүү окуучунун көркөм дүйнөгө болгон көз карашынын, башкача айтканда эстетикалык маданиятынын фундаменти болуп саналат.

Музыкалык тарбия берүүнүн эң башкы максаты бул инсанды музыка аркылуу тарбиялоо билим берүү биринчи кезекте баланын инсан болуп калыптанышын өстүрүү.

Окуучуларга музыкалык тарбия берүүдө программаны тандай билүү чоң мааниге ээ. Анкени, туура тандалган программа окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн, жөндөмдүүлүктөрүн, талантын өстүрүүгө жол ачат. Сабак үчүн тандалып алынган музыкалык чыгармалар идеялык-көркөмдүк жактан баалуу образдуу болуп, алардын сезимине жеткиликтүү из калтыруусу керек.

Незигинен окутуу процессинин негизги максаты, өркүндөтүү, тарбия берүү болсо, музыка сабагы да муну ар тараптан толуктап турат. Музыка сабагын алып барууда ар түрдүү метод менен иш алып баруу керек. Балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша музыка уктуруу, музыкалык оюн, хордук ырдоо, жеке ырдоо, ансамблде ойноо, төкмөлүк методдорун колдонууга болот. Мына ушул методдорду колдонуп, музыкалык билим берүүдө элибиздин үрп-адатын, салт санаасын камтыган кыргыз элдик музыкасынын аваздык да, аспаптык да бөлүктөрүн колдонсо болот.

Биринчиден окуучулардын аткаруучулук жёндёмдъълъктёрън ёстъръдё колдонулган элдик ырларга токтолуп ётсёк. Мектеп программасында кыргыз эл ырларынан аткарып ъйрёнъгё кёп ырлар берилген. Мисалы: «Ак терек, кёк терек», «Комузчу», «Селкинчек», «Бекбекей», «Шырылдаъ», «Оп майда», «Жарамазан», «Акыйнек», «Улагым».

«Бекбекей» жана «Шырылдаң» ырларын үйрөтүүдө ырлардын жаралыш тарыхын айтып берип, созулуңку назик обон аркылуу кыздарга кызга таандык назиктикти, сулуулукту, камкордукту ачып берсек, «Шырылдаң» ыры аркылуу жигитке таандык, эр жүрөктүүлүктү ачып берсек болот.

Ал эми «Жарамазан», «Нооруз», «Оп майда», «Акыйнек» ырларын үйрөтүүдө ырды үйрөтүп эле тим болбостон ырлардын маанисин, жаралыш тарыхын, ар биринин ырдалуучу мезгилин ачып берүү керек, ошол аркылуу элдик майрам, элдик каада, элдик нарк менен тааныштырып , тарбиялоо процессин ишке ашыруу зарыл. Ырлардын музыкалык тили, мазмуну улам класс жогорулаган сайын татаалданат. Кыргыз элдик ырларды да жөнөкөйдөн баштоо керек, башталгыч класстарда бий мүнөздүү, тамашалуу, оюндуу хороводдорду көп колдонсок, улам класс жогорулаган сайын бул ырлардан сырткары үрп-адат ырлары, лирикалык, тарыхый ырлар үйрөтүлөт. Кыргыз эл ырларын билбей туруп, кыргыз профессионалдык классикалык музыкасын өздөштүрүү кыйын, себеби классикалык музыканын тамыры элдик музыкада. Окуучулар башталгыч класста ъйрётългён жана уктурулган чыгармалар аркылуу кыргыз элдик музыкасы ар тўрдъъ жанрда жана эь ажайып кооз музыка экендигин баамдашат.

Экинчиден, хордук ырдоо да балдардын аткаруучулук жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүгө чоң жол ачат. Хордук ырдоого тарбиялоодо кыргыз элдик ырлары чоң баалуулукка ээ. Хордук ырдоо мектепте эң активдүү, жеткиликтүү форма болуп эсептелет. Хордук аткаруу процессинде аткаруучулук жөндөмдүүлүктөр гана өнүкпөстөн, угуу, эске тутуу, ритм жана ошондой эле окуучунун инсан болуп калыптануусуна таасир берген алга умтулуучулук, чыгармачылык, кабыл алуу өнүгөт.

Хордук ырдоонун маанисинин дагы бир жагы ал өзүнө музыка сабагында колдонулган иштердин баардык формасын өзүнө камтыйт: ырды аткаруу, музыкалык сабат менен тааныштыруу, музыканы кабыл алуу, угуу, импровизациялоо, жөнөкөй музыкалык аспаптарда коштоп ойноо. Мектеп программасында хордо ырдоого «Шырылдаң», «Бекбекей», «Жаңы Жыл», «Мээрим», «Нооруз майрам», «Байчечекей», «Кызыл гүл» ырларын колдонсо болот.

Окуучулардын чыгармачылык актавдүүлүгүн арттырууда элдик музыканын каражаттарынын бири- элдик оюндарды колдонуу да өзүнүн чоң үлүшүн кошот.

Кенже курактагы чыгармачылык ишмердүүлүктүн эң башкы түрү- бул окуп-таанып билүү процесси менен оюнду айкалыштырып билим берүү. Бул баланын руханий жактан жана ошол эле мезгилде физиологиялык жактан өсүүсүнө шарт түзөт да, сабакта баланын көңүл буруусун да, эске тутуусун да, кабыл алуусунда чоң роль ойнойт.

Мына ушул музыка сабагында элдик оюндардын кайсыл түрүн колдонсок болот? Музыкалык оюндардын темасы балдардын кулк мүнөзүнө ылайык келип, балдардын күнүмдүк жашоодогу



Подпись заверяю

түрү катары кыргыз элинде кеңири колдонулган. Негизинен жаш кыздыр айтышкан. Айтыш, кордоо, шакаба чегүү, мыскылдуу мүнөзүндө болсо да, өзүн-өзү сындоого таасир берген. Кемчилигин билгизүү чечендикти, сөз тапкычтыкты сынашуу максатын көздөп, тамаша иретинде да айтылган. Мындай айтышуу жөнүндө «Манас» эпосунда да жолугат.

…Теректин башын бурушуп,  
аркы-терки турушуп,  
Селкинчегин тебишип,  
Акыйнегин айтышып,  
Бирин-бири жеңишип…

Акыйнек оюнунда жамактап ырдап кетүү биринчи орунда турат.

1-кыз: Акыйнек ырын ырдашуу  
Абалтан кыргыз салты экен,  
Акыйнек ырын улантуу  
Атабыз кыргыз наркы экен.

2-кыз: Ыр ырдашып сындашуу,  
Ыр жандуу кыргыз салты экен.

Сынга сындай жооп айткан  
Атабыз кыргыз наркы экен.

«Акыйнек оюнун» дагы максаты атаандашын кордобой, мазактабай, кемчилигин көрсөтүү менен маданияттуу айтышууга жетишүү керек. Акыйнек айтышууда кайсы тарап атаандашын курч, өткүр таамай,тамашалуу, туура айтылган сөздөр менен айтып ырдаса, ошол тарап жеңген болуп эсептелет.

Ал эми салт оюндарына кирген «Бешик ыры» оюнун сабакта колдонгондо эненин ойлогон оюн, тилеген тилегин ачып берүү зарыл. Бул оюнду да негизинен кыздар ойнойт.

Мисалы: Алдей-алдей, бөбөгүм,  
Алдей-алдей, бөбөгүм,  
Өнөрүң менен өргө чап,  
Эмгегиң менен элге жак.  
Алдей-алдей, бөбөгүм,  
Алдей-алдей, бөбөгүм,  
Илимдин кенин издеген,  
Илимди тапса сиз деген,  
Илими жаккан элине  
Илимпоз болгун бөбөгүм.  
Алдей-алдей, бөбөгүм,  
Алдей-алдей, бөбөгүм,  
Ырдын кенин ырдаган,  
Ырдаса эли жыргаган  
Ырчы болгун бөбөгүм!

Музыка сабагында музыка уктурууда да кыргыз элдик музыкасынын казынасынан колдонсок болот. Музыка уктурууда элдик музыканын аваздык да, аспаптык да бөлүгүн колдонобуз. Музыка угуу процессин иш жүзүнө ашырууда биз эки ишти бирдей алып кетүүгө жетишсек,окуучулар үчүн чоң табылга болот. Биринчи иш – бул музыка уктуруу, анын жаралыш тарыхы жөнүндө, кандай музыка, кандай аспап үчүн жазылганы менен тааныштырсак, экинчи иш - бул ошол аткарган элдик аспаптын өзү менен тааныштыруу. Мектеп программасында уктурууга комуз күүлөрү, чоор, чопо чоордо аткарылган обондор, темир комуз, кыл кыяк күүлөрү жана обондор берилген. Мисалы: «Маш ботой», күү А.Огомбаев –үзүндү уктуруу  
«Боз салкын» күү Ы.Тумановдуку- үзүндү уктуруу.  
«Паравоз» («Кара тулпар») Ы.Туманов- уктуруу  
«Таң булбулу» күүдөн үзүндү М.Борбиевдики –уктуруу  
«Тагылдыр Тоо», элдик күү –уктуруу  
Жүрөк толкуйт, күүдөн үзүндү Ш.Шеркуловдуку –уктуруу  
«Оой дай», кыргыз эл ыры –уктуруу



Подпись ... заверяю
Ученый секретарь

«Ибарат», күүдөн үзүндү К.Орозовдуку –уктуруу
«Саринжи-Бөкөй», комуз күүсү Б.Мадазимовдуку –уктуруу
«Кер өзөн» М.Күрөңкеевдики –уктуруу
«Көкөй кести», күү К.Орозовдуку –уктуруу

Музыка сабагында музыка угуу боюнча эң негизги максат – окуучуларды музыка аркылуу көңүл ачууга, ойноого, кайгырууга, ойлонууга үйрөтүү жан ошондой эле музыка угуудагы эң маанилүү нерсе – бул музыкалык чыгарманы аң-сезимдүү кабылдоо, музыка аркылуу капалык менен шайырдыкты, жаман менен жакшыны , өзү жашап турган турмушту үйрөнүү. Окуучулардын угуу маданиятынын өсүш деңгээлин аныктоо үчүн ар түрдүү формадагы жана жанрдагы музыкалык чыгармаларды уктуруп, ага талдоо жүргүзүү. Музыка угууга үйрөтүүнүн милдеттери жана окуучулардын билимине карата коюлган негизги талаптар:

-музыканы кунт коюп угуу;
-аспаптык музыка менен аваздык музыканы ажырата билүү;
-кээ бир музыкалык аспаптардын үндөрүнөн фортепионо, комуз, кыл кыяк, сурнай, чоор, ооз комуздун үндөрүн, сырткы көрүнүшүн ажыратуу, таануу.
-уккан жан үйрөнгөн мызыкалык чыгармаларды толугу менен кабыл ала билүүгө калыптандыруу;
-уккан музыканы элестүү түрдө кабыл алуу менен аларды адептүүлүккө, эстетикалык сезимге, көркөмдүктү баалай билүүгө үйрөтүү.

Мектеп программасында элдик обон «Тагылдыр Тоо» уктурууга берилген. Бул элдик обонду уктурууда темир ооз комузду балдарга көрсөтүп, алардан: Силер бул өтө эле кичинекей музыкалык аспапты билесиңерби? Аны кантип ойноого болот? – деп сурайт. Мугалим балдардын бул эң эле кичинекей аспапка болгон түшүнүктөрүн кеңейтүү үчүн, аларга темир комузда ойноонун эрежелерин, аспаптан үндөрдүн келип чыгышын көрсөтүп түшүндүрөт. Балдарга темир комуз жөнүндө түшүнүк берилгенден кийин гана «Тагылдыр Тоо» уктурулат.

Ал эми биздин жүрөгүбүзгө жакын күнүмдүк жашоодо дайыма көрүп жүргөн комуз күүлөрүнө тереңирээк токтолуп өтсөк, комуз күүлөрү чыгарылышына жана аткарылышына карата программалуу жана программасыз болуп бөлүнөт. Күү элдик профессионалдык музыкалык чыгармачылыкта өзүн баардык жагынан бүткөн жана өткөрө устаттыкта иштелген чыгарма катарында көрсөтөт. Комуз күүлөрүндө карапайым калкыбыздын бүткүл турмушу, элге, жерге болгон сүйүүсү, эрдиги, эмгекчилдиги, бак-таалайлуу заманды эңсеген тилеги, кайгы-капасы, эркиндикти, теңдикти эңсөөсү, каада-салты, ой-санаасы, тунук махабаты, асыл касиеттери камтылган. Комуз күүлөрү жалпы жанрына карата обон күүлөр, залкар күүлөр, айтым күүлөр, кол ойнотмо залкар күүлөр болуп бөлүнөт. Комуз музыкасындагы эң байыркы жана эң эски жанрдын бири – обон күүлөр. Алар комузда карандай гана обон менен аткарылат.

Мектепте музыка угузууда мугалимдин эң аяр, кылдаттык менен иш алып баруусу зарыл. Мугалим комуз күүлөрүн уктурууда өзү ошол күүлөрдүн жаралыш тарыхын, кандай күүгө киреpин, комуздун толгоосун күү жаратуучунун чыгармачылыгы жөнүндө жеңилдетилген түрдө окуучуларга кыскача түшүнүк берип өтүүсү керек. Анан музыка уктурулгундан кийин аны анализдеп, аныктоо керек:

1) уктурулган күүнүн мүнөзү, темпи;
2) аваздык же аспаптык музыка экенин аныктоо;
3) кайсы аспапта ойнолуп атканын табуу.

Окуучулар уктурулуп жаткан ар бир ырдын же күүнүн өзүнүн белгилүү бир кубанычтуу, ачык, сабырдуу, кейиштүү, тамашалуу, ойлуу мүнөзү болорун билиши керек. Уктурулуп жаткан мейли обон, күү болсун эң башкысы музыканын мазмунун, анын мүнөзүн, идеясын ачуу болуп саналат. Мисалы, Ы.Тумановдун «Паровоз» («Кара тулпар») күүсүн уктурууда чоң ийгиликтерге жетишүүгө болот. Балдардын көңүлүн мугалим эң биринчи кириш сөз аркылуу өзүнө буруусу аларда чоң аракетти жаратат. Балдар паровоз жөнүндө кенже курагынан бери билишет. Күүдө колдонулган музыкалык нюанстардын баардыгы балдарга паровоздун ордунан жылгандан токтогонго чейинки кыймылынын баарын көз алдына тартуулап берет.

Ошондой эле кол ойнотмо «Маш ботой», «Көйрөң күү», «Кыз кербез» күүлөрүнүн да тарбиялык- идеялык маанисин ачып берүү аркылуу балдарга билим жана тарбия беребиз. Анан да айтым күүлөрү угузганда мисалы, «Ботой», «Ак бакай», «Саринжи Бөкөй», «Кет Бука» күүлөрү балдарды тек гана комуз күүлөрү менен тааныштырбастан элдик санжыра, элдик эпос менен тааныштырып, алардын жан дүйнөсүн байытып турат.

Демек,музыкалык уктуруу аркылуу кыргыз элдик музыкасынан балдарга кабар берип, ошол уктурулган чыгарма аркылуу балдардын чыгармачылык активдүүлүгүн кеңейтип, элдик аспаптар, элдик залкар комузчулар менен тааныштырып таалим-тарбия берүүгө жетишебиз.

Жыйынтыктап айтканда, мектептеги музыка сабагында убакытты туура пайдаланып, келечек ээлерин өлкөбүздүн алдыңкы инсанын музыка уктуруу,музыкалык оюн, ыр күүлөр аркылуу өз элинин тарыхы, санжырасы, тили, дили менен тааныштырып билим берсек, ал өз элинин татыктуу уулу, татыктуу кызы болуп өлкөбүздүн өркүндөп өсүшүнө өз салымын кошот.